КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XIV сессиясынын № 26 токтому 18-август 2023-жыл

Жайыт комитетинин башчысынын келишимин бекитип берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", "Бюджет Кодексине" жана "Жергиликтүү кенештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык Төрт-Күл айыл Өкмөтүнүн Жайыт комитетинин төрагасы Ж.Мааткеримовдун сунушун угуп, талкуулап Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2023-жылдын 13-апрелиндеги №1 "Төрт-Күл айыл аймагынын Жайыт комитетинин төрагасын өз арызынын негизинде жумуштан бошотуу жана жаңы жайыт комитетинин төрагасын шайлоо жөнүндө" жана №3 "Жайыт комитетинин бюджетин бекитип берүү жөнүндө" токтомдоруна ылайык жайыт комитетинин кызматтык унаасы жок болгондуктан, кызматтык унаа катары Ж.Мааткеримовдун макулдук катынын негизинде Нива маркасындагы ВАЗ 2121 I 7296 S номерлүү кызматтык унаа катары келишимдин негизинде пайдалануунга алынсын.

2. Бул унаанын күйүүчү майы, автотетиктери жайыт комитетинин бюджетинен каржылансын.

3.Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Төрт-Күл айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Г.Садыровага тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Төрт-Күл айыл Өкмөтүнүн башчысы У.Төлөновго тапшырылсын.

Төрага У.Карыпбаев